КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 3- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2025-жылдын 29-январы №11 Оргочор айылы

Жашылдандыруу- көрктөндүрүү,санитардык тазалоо боюнча салыктык эмес киреше жыйымын жоюу жөнүндө

Оргочор айыл аймагында таштандыларды тазалоо, чыгаруу иштери Кызыл –Суу айыл өкмөтүнө караштуу “Тазалык ” муниципалдык ишканасы менен иш алынып барылат. Ишканага таштанды чыгаруу үчүн ар бир кожолук 100 (жүз) сомдон акча каражатын төлөп жаткандыгына байланыштуу, 2018-жылдын 10-августундагы №90 “Кыргыз Республикасынын салык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин “Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым” боюнча 24-главасынын 75-беренеси жыйымдын ставкасына таянып, Оргочор айыл өкмөтүнүн киреше боюнча башкы адиси С.Шаршембиеванын берген билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. 2018-жылдын 10-августундагы №90 “Кыргыз Республикасынын салык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин “Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым” боюнча 24-главасынын 75-беренеси жыйымдын ставкасы эске алынсын.

2. Оргочор айыл аймагы боюнча ар бир кожолуктан салыктык эмес (өз ара салык) кирешелерден чогултулуп жаткан акча каражаты 2025-жылдын январь айынан тартып чогултуу токтотулсун.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл өкмөт башчысы Ж.Жумашовго жана финансы - пландоо боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы С.Асаналиевге жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**